

***Аалиева Г. К.,***
*И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент*

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги менен гербинин долбооруна интеллигенттин берген айрым сунуштары**

Макалада Кыргыз Республикасынын ***мамлекеттик желеги*** менен ***герби***, жамандыр, жакшыдыр *өз миссиясын* аткарып жаткандыгына карабастан, алардын *мазмуну* менен *формасы* ***мамлекеттин мындан аркы прогресси*** үчүн *жарамдуу эмес* деген пикирлердин пайда болуп жаткандыгына байланыштуу, коомчулукта ***аларды алмаштыруу идеялары*** сунушталууда. Ошондуктан, автор, эгерде качандыр бир кезде *Кыргыз Республикасынын* ***мамлекеттик атрибуттарын*** *алмаштыруу* ишке ашып кала турган болсо, анда өзүнүн сунушталган ***долбоорлорун*** эске алып коюуңуздарды суранат.

Коомчулукта талаш-тартыш туудурган *Кыргыз Республикасынын* ***мамлекеттик гербине*** жана ***желегине*** карата кандай ***тыянактарга*** келип, эмнелерди ***сунуш*** кыла алабыз?

**Гербдин долбоору**. Мындан бир канча жыл мурда КТРден ***мамлекеттик гербди*** *кескин сынга алган* бир адамдын пикирин угуп, терең ойлонуп калдык эле. Ал адам ***гербде*** чагылдырылган ***ак шумкар, Ала-Тоо, Ысык-Көл*** сыяктуу *кыргыздын улуу баалуулуктары* өз деңгээлинде эмес, орусча айтканда, *"жалкий, бледный, блеклый" деңгээлде* берилип, ***азыркы герб*** *Кыргыз ССРнин гербинин* фонунда *карикатура* болуп калганын абдан *аргументтүү* кылып айтты эле... Тилекке каршы, ал *кишинин аты* да, *ташка тамга баскандай таасын, элестүү сөздөрү* эсте калбай калыптыр. Кыскартып айтканда, ал киши менен биз толук макулбуз.

Эми, **гербдин долбоору** тууралуу кеп кылсак, НТС каналынын «Особое мнение» деп аталган ток-шоусунда **мамлекеттик атрибуттар** тууралуу айрым аттуу-баштуу адамдардын пикирлеринин арасында кесипкөй (профессионал) сүрөтчү, "Баатыр эне" ж.б.у.с. Кыргыз Республикасынын айрым мамлекеттик сыйлыктардын элесинин автору болгон орус улутундагы адистин **историческая преемственность (тарыхый ырааттуулук)** менен байланышкан идеясы жана адистин көз карашында гербди чечмелөөсү жеке мага зор таасир этти. Ага биз төмөнкү кичинекей кыстырманы гана кошумчалай алабыз: Кыргыз ССРнин гербиндеги **"Баардык өлкөлөрдүн пролетарийлери бириккиле!"** деген марксисттик ураандын ордуна "Манас" эпосунан кыргыз элине **улуу мурас** катары калган **«Кулаалы таптап, куш кылдым, курама топтоп, журт кылдым»** деген элди ынтымакка, биригүүгө, толеранттуулукка чакырган саптарын жазып койсо, **гербдин мазмуну** менен **мааниси** Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган **идеяларга** толук бойдон үндөшүп калат да, "атына заты жарашкан иш" болот.

Желектин долбоору. Биздин жеке пикирде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги 1) горизонталдуу багытта жайгашкан көк, ак, кызыл түстөрдүн тең пропорциядагы тилкелеринен жана 2) "тумар", "түндүк", "жүрөк пейил", "Умай эне", "тоого чыгып бара жаткан илбирс" сыяктуу нукура кыргыздын табитине шайкеш келген символикалардан куралган гербикадан туруусу абзел.

Албетте, долбоордун биринчи эле сүйлөмүн окугандан кийин Сизде “Эмне үчүн? Баары бүтүп, эми саясаты түгүл, аба ырайы да Москвадан көз каранды болгон Кыргызстанга россиялык желекти эле өзүнө энчилөө жетпей жатты эле... Эгер ошондой желек боло турган болсо, анда аны Россия Федерациясынын “Андреевский флаг” деп аталган желегинен кантип айырмалоого болот? Эгерде орустар өз желегинин дарегине карата терс дооматтарды айтып жатат деп бул макаланын автору өзү жазып жатса, анда эмне үчүн биз алардын желегин көчүрүп алуубуз керек?”, - деген суроолор жаралып, ууртуңуздардан какшыктуу жылмайып жатсаңыз керек. Ага төмөнкүдөй жоопторду сунуш кылабыз.

***Биринчиден***, Балким Россия ***көк, ак, кызыл*** ж.б. ***түстөргү*** желек менен алиге чейин *улуу жетишкендиктерге* жетпесе, жетпегендир. Бул - алардын *проблемасы*, алардын *иши*. Аларга *кийлигишүүгө* биздин кымындай да *укугубуз* жок. Бирок, *Россиядан* айырмаланып, *кыргыздар* менен *Кыргызстандын* ***жолу, тарыхы, маданияты, менталитети*** башка. *Евразиянын кеңири аймагындагы* ***ири империяны*** курганга көмөк берген ***Манас бабабыз*** башында турган *байыркы ата-бабаларыбыздын,* о.э. далай ийгиликтер менен жетишкендиктерге шык, дем берген *Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын* ***көк, ак, кызыл*** ж.б. ***түстөргө*** ээ ***туусун*** кайра жандандырууга неге болбосун? Бул *биздин тарых, биздин мурас, биздин маданият. өткөн тарыхты урматтагандыгыбыз* жана ошол *улуу тарыхты кийинки муундарга татыктуу өткөрүп берүү ар бирибиздин* ***ыйык парзыбыз*** болуп саналмакчы.

**Экинчиден**, голландиялык кемелер гана эмес, алардын **желегин** да көчүрүп алган Петр I ден айырмаланып, Россия Федерациясынын **мамлекеттик желегин** суверендүү Кыргыз Республикасынын **мамлекеттик желеги** катары ийне-жибине чейин кайра көчүрүү **идеясынан** алыспыз. Россия Федерациясынын “Андреевский флаг”, же “российский триколор” деп аталган мамлекеттик желегиндеги **көк, ак, кызыл** ж.б. **түстөрдүн** жайгашуу тартибин так билүүнүн өтө так жана эффективдүү жолу бар. “Андреевский флаг” аталышындагы **россиялык желекти** башкалардан айрып таануу үчүн **КГБ** (красный, голубой, белый) деген **сөздү** ылдыйтан жогору карай окуу керек. Жогоруда долбоордун биринчи эле сүйлөмүндө айтылгандай, Кыргыз Республикасынын биз сунуш кылып жаткан **мамлекеттик желеги** жогортон төмөн карай горизонталдуу багытта жайгашкан **көк, ак, кызыл түстөрдүн** тең пропорциядагы тилкелеринен турууусу абзел. Эмне үчүн? Бул тууралуу бир аз ылдый жакта кеңири айтмакчыбыз.

***Үчүнчүдөн***, жогоруда ***Словения*** менен ***Словакия*** дал ушул *Россиянын мамлекеттик желегине* куюп койгондой окшош ***желектерге*** ээ болсо да, *Россиядан* айырмаланып, алардын *атайы гербикалары* бар экенин айттык. Кыргыз Республикасынын ***мамлекеттик желеги*** да ***“тумар”, “түндүк”, “журөк пейил”, “Умай эне”, “тоого чыгып бара жаткан илбирс”*** сыяктуу *нукура кыргыздын табитине* шайкеш келген *символикалардан* куралган ***гербикадан*** туруп, ошол эле *Россия Федерациясынын* түстөрү **КГБ** (*красный, голубой, белый*) катары чечмеленгенн, бирок ***гербикасы*** жок желегинен кескин айырмалана алат.

Кыргыз маданиятында ***кездеменин түсү*** айрыкча ***мааниге*** жана ***семантикага*** ээ болгон. Ошол себептен, берилген макаланын аягында ***түстөрдүн символикасы*** жана ***маани-маңызы*** тууралуу айтып, төмөнкүдөй ***маалыматты*** сунуш кылсак деген тыянакка келдик.

**КӨК ТҮС. Желектин** горизонталдуу багытта жаткан биринчи тилкеси **көк түстө** болуусун сунуштоодобуз. Эмне үчүн?

Илимий адабиятта **кыргыздарды** санскрит тилинде сүйлөп, Атлантида сыяктуу эң байыркы цивилизацияны жараткан **арийлер** сымал түпкүлүктүү, тээ байыркы элдердин бири экендигин далилдеген негиздер бар жана алар дагы деле болсо тарыхчылар тарабынан табыла берет деген терең ишеничтебиз. Баары дале алдыда, ошого илгери үмүт кылалы [2. – С. 68-69.].

*Кийинки тарыхый, маданий, диний таасирлерге* чалдыкпаган, *көөнө, нукура кыргыз этномаданиятында* "Көкө Теңир колдосун!", "Көгөр!", "Көшөгөң көгөрсүн!", "Алганың менен агарып, көгөр!", "Дарак бир жерден көгөрөт" ж.б. *алкыш, же бата берүү сөздөрү* өзүнө ар түрдүү *магиялык милдеттерди* камтый. Алар *сөздүн магиялык күчүнө ишенүү* менен *адамга жакшылык каалоо, анын күнүмдүк жумуштарына, же жоокерчилик иштерине ийгилик тилөө* менен коштолот. "Көктөм" сөзү *түбөлүк өнүгүүнү, кайра жандануусун, жазды, кайра жаралууну, жаштыкты* туюнтат.

Эгер **Манасты** кудайдын санскрит тилиндеги ысымы деп алсак, анда кыргыздарга мүнөздүү болгон **салттуу дин** кандай **мыйзам нормалары** менен **принциптерге** таянган? Айрым изилдөөчүлөр көчмөн **кыргыздар** менен **казактардын** маданий идентүүлүгүнүн негизинде исламга чейинки мурастар, ири алдыда, **теңирчилик** каада-салты жатат деп баса белгилешет. Ошол себептен, **көк түстү** ислам менен байланыштырып, **андан кооптонгондор** – суу кечпеген иш. Тескерисинче, мусулман мамлекеттеринде **жашыл, көк түс** ыйык түстөргө кирет. Ошол себептен, "Андреевский флаг" аталышындагы **россиялык желектен** таке кесе айырмалоо максатында Кыргыз Республикасынын сунуштальп жаткан **мамлекеттик желегинин** эң жогору бөлүгүнө жайгаштырылган **КӨК түстү** орус желегиндегидей **чымкый көк** эмес, Казакстандын желегиндегидей **жашкылт-көк түс** менен берсе да болот. **КӨК түстүн** зарыл болгон, орусча айтканда, оттенокторун тандоо ишин адистер менен коомчулуктун катышуусу менен да чечсе жаман болбойт.

**Батыш баалуулуктарын** башкаларга таңуулоо менен коштолгон ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында **кыргыздардын улуттук мүнөзүнүн** позитивдүү сапаттары менен касиеттерин сактап калуу процессинин **зарыл шарты** болуп **улуттук ар-намысты** ойготуу менен аталган улуттун өкүлдөрүн **урмат-сыйга бөлөөгө** мүмкүндүк берген улуттун **көрөңгөлүү** жана **терең мазмундуу** руханий маданиятынын баалуулуктарын **кайра жандандыруу** саналат. **Чыгыш ой жүгүртүүсүндө** Батышка караганда бир катар принципиалдуу өзгөчөлүктөргө ээ **жоболор** кездешет. Мисалы, кыргыз баласынын **жүрүм-туруму** ак-кара, адал-арам, убал-сооп ж.б. **бийик рухий баалуулуктар** менен тескелген. Ошол себептен, кыргыздар **материалдык мүлкү** менен эмес, **руху, ыйманы, нарк-насили** менен күчтүү болгон, **акча** менен эмес, **бата** менен **КӨГӨРГӨН**. Байыркы түрктөр, алардын ичинде, кыргыздар **Теңирди (асман, көк), жылдыздарды** ыйык тутушуп, ар кандай **элдик ишенимдер** пайда болгон. Культтардын ичинде **Көк Теңирге сыйынуу** өзгөчө орунда турат. **«Теңир жалгасын!»** деген алкыштар менен баталар **салттуу** болуп, мындай типтеги алкоолор **«Манас» эпосунда** көп жолугат.

Көчмөндөрдүн дүйнө таанымында **КӨК ТЕҢИР** – бул руханий дүйнө, түбөлүктүү **ЖАКШЫЛЫКТЫН, КАЛЫСТЫКТЫН, АДИЛЕТТИКТИН, АКТЫКТЫН, НУКУРАЛЫКТЫН, АКЫЛДЫН** мекени, ордосу. Адамдар **Ай астындагы** келди-кетти, оомалуу-төкмөлүү, бүгүн көргөн эртең жок **материалдуу дүйнөдөн** айырмаланып, эч качан сынбас, эскирбес, кирдебес, жоголбос, ар дайым аруу болгон **Көк Теңирди** ыйык деп эсептеп, ар кандай аракеттерди **теңирге** байланыштуу карап, **алкоолорду,** ал гана эмес, **каргыштарды** да жаратышкан. Ошого байланыштуу алардын бүгүнкү лексикада да **«Теңир урсун!». «Төбөсү ачык көк урсун!»,** - деген өңдүү арбоо каргыштар кеңири жолугат. Эпостун текстинде **Көк Теңирдин аты** менен багытталган анттар, анттан тайган учурдагы каргыштар ар кандай кырдаалдарда колдонулат. Мисалы,

| | |
|---|---|
| Көк милтенин чогу урсун! | Ат башындай ак куран |
| Убадаңар чын болсо | Алып келип баары да |
| Ушуга хандар кол көтөр! | Көкүрөгүн урушту [2. 16-бет]. |

Биздин жеке пикирде, **кыргыз баласынын** жүрөгүн титиретип, жакасын карматып, тобо кылууга мажбурлаган бул **сөздөрдү** расмий түрдө **Кыргыз Республикасынын Президенти** менен **Жогорку Кеңештин депутаттарынын антынын** текстине киргизип коюу милдеттүү зарылдык болуп саналат.

Кыргызда **“жакшы тилек – жарыс ырыс”** дейт. Эч качан сынбас, эскирбес, кирдебес, жоголбос, бүлүнбөс, ар дайым аруу болгон **Асман,** же **Көк Теңир** сымал түбөлүк өнүгүп-өсүп, **көктөмдөй** жадырап, жемиши гүлдөп, бышып, төгүлүп турган, аруу, таза, адеп-ахлактуу **мамлекеттин** расмий символдорунун бири болгон **желегинде** ушундай терең философиялык маани жаткан **көк түстүн** болушу – мыйзам ченемдүү нерсе.

**АК ТҮС**. **Желектин** горизонталдуу багытта жаткан кап ортосундагы тилкеси **ак түстө** болуусун сунуш кылабыз.

Д. Сарыгуловдун пикиринде **Теңир** кудайынын уьгусун **«тең»** сөзү түзөт [3. – С. 48]. Философиянын тарыхына кайрылуу аркылуу **кыргыздардын теңирчилигин** байыркы кытай философиясындагы **инь** менен **яндын, материя** менен **идеянын, асман** менен **жердин, жамандык** менен **жакшылыктын, эркек** менен **аялдын биримдиги** жана **күрөшүн** элестеткен **Тай-Цзи** (Улуу Бөлгүч, Теңдегич) **окуусу, символу** менен салыштырууга болот.

Теңирчиликти ыйык туткандар АКты, б.а. ыйманды, абийирди, намысты, уятты өтчү-кетчү материалдык дүнүйөдөн, байлыктан, бийликтен, мансаптан, ал тургай, өмүрдөн да бийик баалашкан; “АК” сөзүн тергеп, “боз үй”. “боз жорго” дешет, “АК ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН!” деген каалоону айтышат, АК КАЛПАГЫН кастарлашат, ЭНЕНИН АК СҮТҮН актоого тырышышат, АК КАРЛУУ, көк муздуу Ала-Тоосун катылган душмандардан татыктуу коргоп келишкен, босогону жаңы аттаган келинге буга чейин абышкасы менен ажырашпаган, жесир калбаган, ала жипти аттабаган, б.а. АК ЭЛЕЧЕГИ БУЗУЛБАГАН АПА АК ТИЛЕГИН АЙТЫП, АППАК ЖООЛУГУН салат ж.б.. Ошол себептен, байыркы кыргыздар адамдарга гана эмес, жан-жаныбар, жансыз нерселерге карата да АК деп саналган адеп-ахлак императивдерин кеңири колдонушкан. Демек, теңирчилик, рухий түшүнүмдөр менен тескегичтер традициялуу коомдун конституциялык фактору катары жамааттын жашоосу, теги, кесиби, мүлкү ар кандай болгон мүчөлөрү үчүн мыйзамы – теь салмактуулук, нормасы – теңдик болуп эсептелген системанын универсалдуу бирдиктерине айланган жана жамаат мүчөлөрүнүн бийлик жүргүзүү ишине тең катышуу принцибин түшүндүргөн.

**КЫЗЫЛ ТҮС**. Берилген макалада сунуш кылынып жаткан **желектин** горизонталдуу багытта жаткан акыркы тилкеси **кызыл түстө** болсо тилек бар. Айрым булактарда **«ак түс»,** «...**кызыл түс** жашоонун булагын, кубанычты, жеңишти, түшүмдүүлүктү туюндурса; ата-бабанын рухунун түсү делген **сары түс** бакыбаттык менен байлыкты символдойт» [1. – С. 90], - деген пикирлер бар. Биздин жеке пикирде, **КЫЗЫЛ ТҮС** – материалдуу дүйнөгө таандык **өмүр, кан, салтанат, сезим, сүйүү** ж.б. баалуулуктардын символу. Эмнеси болсо да, 1992-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын **мамлекеттик желегинин** расмий түсү катары кабыл алынган **кызыл** жана **сары түстөрдүн** жакшылыкка жорулган **мааниси** ошол бойдон калууга тийиш.


Колдонулган адабияттар:

1. *Алымова А. К., Шаршеналиева А. Ш.* Некоторые аспекты изучения техники «курак» // Культурное наследие и народное творчество. – Бишкек, 2006. – С. 90.
2. *Махнач В. А., Елишев С. О.* Политика. Основные понятия. Справочник-словарь. – М.: ОЛМА Медиа-групп, 2008. – С. 68-69.
3. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 4-том. 16-бет
4. *Сарыгулов Д. И.* Тенгрианство и глобальные проблемы современности. Теңирчилик – кыргыздардын дүйнө таанымы, түбөлүк билими. – Бишкек: Фонд «Тенгир Ордо», 2002. – С. 48.